| | | | |
|---|---|---|---|
| 4-класс **Мекен таануу** | мөөнөтү | | |
| Тема: «Өткөн чактан келечекке карай» | ОТИ колу | | |

| |
|---|
| Сабактын тиби: Жаңы билимди өздөштүрүү, көрсөтмө сабак. |
| Сабактын формасы: Жалпы класс менен иштөө, маектешүү;<br>Окуучулардын ишмердүүлүгүн уюштуруу; |
| Сабактын жабдылышы: слайд-шоу, түстүү сүрөттөр, сабакка керектүү материалдар |

| Негизги Компет-к | Пред-т Компет-к | Сабактын максаты: | көрсөткүчтөр |
|---|---|---|---|
| маалыматтык | | Билим беруучулук:<br>-Окуучулар илим жана техниканын өсүүдөгү прогресстик маселелери менен таанышат;<br>-Азыркы мезгилдеги өнүккөн техниканын маанисин түшүнүшөт;<br>-Өсүп жаткан прогрессти токтотууга болбой тургандыгына ишенишет; | |
| Социалдык-комуника-тивдик | | Онуктуруучулук:<br>-Окуучулардын аң-сезими, ой жүгүртүүсү, элестетүүсү өнүгөт;<br>-Өз оюн айта билүүсү, сүйлөө кебин өстүрүүсү калыптанат; | |
| Өз ишин уюштуруу жана көйгөйлөрдү чечүү | | Тарбиялык:<br>Жаңы ачылыштарга жана жетишкендиктерге жоопкерчилик менен мамиле жасоого тарбияланат. | |

Сабактын жүрүшү:

1.Уюштуруу. Мугалим окуучуларга калоо тилек айтуу менен сабак башташат. (Жагымдуу маанай)

- Саламатсынарбы, балдар.

Бүгүн биз өзгөчө сабак өтөбүз. Бизге коноктор келишти. Кана, алар менен учурашып алалы. (Балдар коноктор менен учурашат.)

Дайым ачык кабагым.
Дайым даяр сабагым,
Жылмаюуну каалаймын,
Сенде болсун ар дайым!

Балдар бири-бирине смайлик тартуулашат.

| | Мугалимдин иш аракети | Окуучулардын иш аракети |
|---|---|---|
| 2. үй тапш-сын<br>Кайталоо | Тест | Тестке жооп беришет. |
| 3. Суроо-жооп аркылуу аңгемелешүү | - Балдар бүгүнкү сабакты баштардан мурда төрт жылдан бери билим алып келе жаткан ушул кабинет жөнүндө сүйлөшкүм келип турат.<br>- Кабинет силерге жагабы?<br>- Кимге эмнеси менен жагат?<br>- Балдар, биз силер менен Ч.Айтматовдун "Биринчи мугалим" деген чыгармасында, мурдагы мезгилде балдар кандай окушканын билгенбиз.<br>- Кана салыштырып көрөлүчү?<br>- ---<br>- Демек, муну менен эмнени айтууга болот?<br>Бүгүн биз эмне жөнүндө сабак өтөт экенбиз? | Окуучулар жооп беришет. |
| 4.Жаны теманы<br>Түшүндүрүү. | Мурдагы мезгилде дөңгөлөктү ойлоп табуу – эң маанилүү ачылыш болуп саналган. Биринчи дөңгөлөк жыгачтан жасалган жана ал оор болуп айланганда кыйынчылык менен айланып турган. Оор жүктөрдү ташыганда жаныбарларга чиркеп ташышкан. Андан кийин металл дөңгөлөктөрдү ойлоп чыгарышкан. Азыркы мезгилде дөңгөлөктөрдү транспорттун түрлөрүнө ылайыктуу чыгарып жатышат.<br><br>Дүйнөдө эң биринчи автомобилди француялык ойлоп чыгаруучу Никола Жозеф Кюньо эсептелген. | Китеп менен иштөө<br>99-беттеги текстти абзац менен окуп, маанисин айтып беришет. |

Ал 19-кылымда 1769-жылы буу менен жүрүүчү биринчи автомобилди ойлоп тапкан. Бул автомобиль саатына төрт жарым км жүргөн. Анын суусу 12 минутага чейин эле жеткен. Атайын котёлго суу толтуруп, от жагышкан. Суу түгөнгөндө токтогон. Аны башкарган адамды шофёр деп атап койгон. Ал французча – от жагуучу (кочегар) дегенди түшүндүргөн. Ал суу куюп, от жагып кайра жүргүзгөн.

1802- жылы англис окумуштуусу Уатт өзүнүн автомобилин сунуштайт. Ал саатына 15 км жүрөт. Ошентип 19-кылымда адамдарды ташыган автомобиль пайда болот. Андан кийин кылымдын аягында саатына 35 км жүргөн автомобилди ойлоп чыгарышкан.

Карл Бенц - немис ойлоп табуучусу 1886-жылы өзү жүрүүчү автомобилди ойлоп тапкан.

Ал эми Готлиб Даймлер 1887-жылы 4-мартта өзүнүн ойлоп чыгарган автомобилин сунуштаган. Ал эми азыр болсо автомобилдердин түрлөрү көбөйгөн.

Кемелер жана судналар суу аркылуу адамдарды жана жүктөрдү ташып турушкан. Азыркы заманбап судналар күчтүү жана көп аралыкты өтүүгө жарактуу болуп жасалган.

Биринчи аба шарын 1783-жылы француздар ойлоп чыгарышкан. Азыр заманбап дирижаблдер менен саякатташат. Самолёттор болсо алыскы мамлекеттер менен адамдарды байланыштырып турат.

Маалымат берүү үчүн мурда атайын чабармандарды жиберишкен. Алар оозеки жана жазуу түрүндө болгон. От жана түтүнду атайын белги катары колдонушкан. Кээ бир өлкөлөрдө кат ташуу үчүн көгүчкөндөрдү колдонушкан.

Андан кийин телефондор пайда болду. Провод аркылуу үн жеткирүүчү телефонду ойлоп чыгарышты. Заманбап мобилдик телефондор менен

<table>
<tr><td></td><td>алыскы өлкөдөгү адамдар менен байланышса<br>болот.</td><td></td></tr>
<tr><td>5.Тыныгуу</td><td>Мурун, ооз, баш, кулак<br>Жаак, маңдай, көз.<br>Ийин, ийин, моюн, көкүрөк<br>Дагы эмне эле? ...<br>Аа.., кол, бел жана ич.</td><td>Аткарышат.</td></tr>
<tr><td>6.Бышыктоо.</td><td>Азыр балдар жуп менен иштейбиз.<br>Ар бир партада бирден сүрөт бар. Ошол сүрөт жөнүндө билгенинерди айтып бересиңер. Анын пайдалуу жана зыяндуу жактары жөнүндө, мурда анын ордуна эмнени колдонушканы тууралуу айтасыңар. Бири-бириңерге тоскоол болбой, жооп берип жатканда кулак салып турасыңар.<br><br>- Азыр балдар суроолорго жооп бересиңер?<br>1. Кыргызстандын шаарлары менен айылдарын кайсы транспорттун жолдору бириктирип турат?<br>2. Силер транспорттун кайсы түрлөрүн пайдаланасыңар?<br>3. Адамдар бардык ойлоп табылгандарга сүйүнүштүбү, кандай деп ойлойсуңар?<br>4. Кайсы ойлоп табылган нерсе адамдарга коркунуч алып келди?</td><td></td></tr>
<tr><td colspan="3">7. Жыйынтыктоо: - Бүгүнкү сабак силерге жактыбы?<br>- Эмнелерди үйрөндүңөр?</td></tr>
<tr><td colspan="3">8. Үй тапшырмасын берүү: -Велосипеддин келип чыгуу тарыхын интернет булактарын пайдаланып билип келесиңер.</td></tr>
<tr><td colspan="3">9. Окуучулардын билимин баалоо</td></tr>
</table>

Тест

1. Кыргызстан менен чектешпеген мамлекеттерди тап.

а) Тажикстан
б) Өзбекстан
в) Кытай
г) Турция
ж) Россия
з) Казакстан

2. Кайсы мамлекеттин борбору экенин туура таап, туташтыр.

| ***Мамлекет*** | ***Борбору*** |
| --- | --- |
| 1) Кыргызстан | Москва |
| 2) Казакстан | Пекин |
| 3) Өзбекстан | Дүйшөмбү |
| 4) Тажикстан | Бишкек |
| 5) Кытай | Астана |
| 6) Россия | Ташкент |

3. Кайсы мамлекеттердин туулары экенин таап, туташтыр.

Кыргызстан

Өзбекстан

Россия


Тажикстан

Кытай

Казакстан





4. Кайсы мамлекеттин аймагы эң чоң?

1) Кыргызстан
2) Казакстан
3) Өзбекстан
4) Тажикстан
5) Кытай
6) Россия

5. Кайсы мамлекетте элдин саны көп?

1) Кыргызстан
2) Казакстан
3) Өзбекстан
4) Тажикстан
5) Кытай
6) Россия

___________________________________

Мекен таануу сабагы боюнча ачык сабактын өздүк анализи

**Тема: «Өткөн чактан келечекке карай»**

4-к класс

Мугалим: Жоробаева Э.К.

1. **Класстын өзгөчөлүгү**

Класста бардыгы 40 окуучу окуйт. Алардын 14ү кыз, 26у эркек. Бардыгы окуй алышат жана сабакка кызыгуу менен катышат. Бирок, билим деңгээлдери ар турдүү.

Кээ бир окуучулар өтүлгөн темаларды тез кабыл алуу менен өз алдынча иштешет. Сабакка болгон кызыгуусу жогору, тапшырманы так аткарышат, өтүлүп жаткан темаларды билүүгө умтулушат.

Кээ бир окуучулар өтүлгөн темаларды жай кабыл алуу менен мугалимдин жардамына муктаж болушат.

Мен бул класска сабак өтүүдө ар түрдүү ыкмаларды колдонуп өтүүгө аракет кылам. М: слайд-шоу, тест, өз алдынча иштөө үчүн карточкалар, ТСО.

2. **Сабактын темасы жана мазмунун өзгөчөлүгүн баалоо**

Бул темага бир саат бөлүнгөн.

Сабактын негизги этаптары:

- сабактын темасы, максаты жөнүндө маалымат;
- өтүлгөн теманын негизинде жаңы теманы байланыштыруу;
- жаңы теманы тааныштыруу
- окуучулардын ой жүгүртүүсүн, эске тутуусун, кабыл алуусун, өз оюн эркин айта билүүсүн, жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү
- үйгө тапшырма берүү
- жыйынтыктоо

3. **Сабактын структурасы**

Бүгүнкү сабакта окуучуларга жагымдуу жагдай түзүп алуунун негизинде ыр менен баштадым. Окуучулар ыр аркылуу маанайлары кандай экендигин билдиришти.

Сабакта ар кандай усулдарды колдондум. Сабакты көргөзмөлүү өтүүгө аракет кылдым. Балдардын алган билгичтиктерин өнүктүрүү негизинде тест жүргүзүлдү. Жуп менен иштешти. Сабак чыгармачылык изденүү менен өтүлдү. Менин оюм боюнча алдыма койгон максаттарым аткарылды жана сабак максатына жетти.